УДК: 372.212.3
DOI 10.33514/1694-7851-2023-1-223-226

**Иманкулова С.Э.**
пед. илим. канд., доц.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
**Калмырзаева А.М.**
магистрант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети

# ОКУУЧУЛАРДЫ ЭСТЕТИКАЛЫК ЖАКТАН ТАРБИЯЛООНУН АКТУАЛДУУ КӨЙГӨЙЛӨРҮ

**Аннотация:** Бул макалада окуучуларды эстетикалык жактан тарбиялоо маселеси, эстетикалык тарбиялоодогу көйгөйлөр жана аларды чечүүнүн жолу каралат. Эстетикалык тарбия көйгөйүнүн актуалдуулугу мектептерде билим берүүнүн жана тарбиялоонун мазмунунун турмуштун талаптары менен жакындашуусу менен шартталган. Заманбап мектептерде эстетикалык искусствону окутууда жалпы инсанды эстетикалык кабыл алуунун жана өнүктүрүүнүн заманбап көйгөйлөрүн чече ала турган жаңы жолдору, усулдары жана ыкмалары зарыл.

**Негизги сөздөр:** Эстетикалык тарбия, эстетикалык табит, искусство, биргелешүү, мугалим, окуучу, инсан, көркөм өнөр, жөндөмдүүлүк, өнүгүү, чыгармачылык, категория.

**Иманкулова С.Э.**
канд. пед. наук, доц.
Кыргызский государственный университет им. И. Арабаева
**Калмырзаева А.М.**
магистрант
Кыргызский государственный университет им. И. Арабаева,

# АКТУАЛЬНЫЕ ПРОБЛЕМЫ ЭСТЕТИЧЕСКОГО ВОСПИТАНИЯ ШКОЛЬНИКОВ

**Аннотация:** В этой статье рассматривается эстетическое воспитание школьников, проблемы эстетического воспитания и пути их решения. Актуальность проблемы эстетического воспитания обусловлена сближением содержания образования и воспитания с запросами жизни. Преподавание эстетического искусства в современных школах требует новых методов и приемов, способных решить современные проблемы эстетического восприятия и развития личности в целом.

**Ключевые слова:** Эстетическое воспитание, эстетический вкус, искусство, взаимодействие, учитель, школьник, личность, изобразительное искусство, способность, развитие, творчество, категория.

**Imankulova S.E.**
Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
**Kalmyrzaeva A.M.**
Master Student
Kyrgyz State University named after I. Arabaeva

# CURRENT PROBLEMS OF AESTHETIC EDUCATION OF SCHOOLCHILDREN

**Annotation:** This article discusses the aesthetic education of schoolchildren, the problems of aesthetic education and ways to solve them. The relevance of the problem of aesthetic education is due to the convergence of the content of education and upbringing with the demands of life. Teaching aesthetic art in modern schools requires new methods and techniques that can solve modern problems of aesthetic perception and personal development in general.

**Keywords:** Aesthetic education, aesthetic taste, art, interaction, teacher, student, personality, fine arts, ability, development, creativity, category.

Изилдөөнүн методологиялык негизин эстетикалык тарбия берүүнүн методдору, мамилелери, маселелери чагылдырылган педагогика, философия, психология, искусство таануу боюнча илимий эмгектер түздү. Илимде “эстетиканын” маселелери ар дайым изилденип келген жана азыр жаңы стандарттар белгиленип жаткан учурда бул тематикадагы дискуссиялар өзгөчө актуалдуу мүнөзгө ээ болууда. Эстетикалык тарбия берүү маселелерин чечүүдө жалпы билим берүүчү мектептин ролу чоң.

Илим-билим жана педагогика тармагындагы ишмерлер Кыргызстандын келечеги өсүп келе жаткан муунга татыктуу тарбия берүү маселеси канчалык деңгээлде кылдат жана дыкаттык менен иштелип чыгышынан толук көз каранды экендигин белгилеп келишет. “Эстетика” феномени илим-билимдин, маданияттын жана искусствонун синтезинде каралат, себеби эстетикалык тарбия берүүнү калыптандыруу искусствонун ар кайсы түрлөрүнүн, айлана чөйрөнүн, социумдун түздөн-түз таасири алдында жүрөт. Эстетикалык тарбия берүү маселелери советтик мезгилдеги Ата мекендик жана чет өлкөлүк адабияттарда чоң орун ээлеген болсо да, учурда ал мезгилдеги көп жоболор актуалдуулугун жоготту. Мисалга алсак, илимий эмгектерде эстетикалык тарбия берүүнүн максаттары, маселелери жана мазмуну коммунисттик ойломдун идеялык багытындагы адеп-ахлакка өзгөчө басым жасалып чагылдырылган. Ата мекендик адабияттарды анализдөөдө эстетикалык тарбия берүүнү өсүп келе жаткан муундун аң сезимин өстүрүүнүн каражаты катары калыптандыруу маселеси катары кароонун объективдүү зарылдыгы менен бирге бул тармактагы тажрыйбалардын педагогикада илимий жана теориялык жактан жетишсиз чагылдырылгандыгы аныкталды. Эстетикалык тарбия берүү жалпысынан гана каралып, искусствонун негизинде эстетикалык тарбия берүүнү комплекстүү түрдө калыптандыруу проблематикасы конкреттештирилип каралган эмес.

Эстетикалык тарбия берүүнүн алкагына белгилүү бир эстетикалык тарбия берүү, ой жүгүртүүнү, элестетүүнү калыптандыруу кирет. Ошондуктан илимий эмгектерде тарбия берүү иштерин координациялоочу жана оңдоп түзөтө турган педагогдун өзү негизги орунду ээлейт. Мисалы, И. Г. Песталоцци тарбия берүүнүн негизги каражаты катары педагогдун өзүн жана анын балага карата жасаган мамилесин белгилеген: “Менин балдарга болгон терең сүйүүмдөн келип чыкпаган бир да тартипти, бир да ыкманы, тарбия берүү искусствосун тааныган эмесмин” [3], ал эми В. А. Сухомлинскийдин пикиринде мугалимдин курчап турган айлана чөйрө тууралуу элестүү, эмоционалдуу кеби болбосо балдар сулуулукту аңдап түшүнүүсү мүмкүн эмес. Бардык доорлордогу эл ичинен чыккан алдыңкы ойчулдар мугалимди биринчи кезекте тарбия берүүчү деп эсептешкен” [4] Е.В. Бондаревскаянын айтуусу боюнча “Тарбия берүү мугалимден окуучуга билим жана жөндөмдөрдү үйрөтүп өткөрүп берүүсүз мүмкүн эмес жана азыркы учурда инсанга багытталган тарбия берүү өзгөчө мааниге ээ болууда”.

Балдарга эстетикалык тарбия берүү, алардын эмоционалдык маданиятын калыптандыруу тарбия жана билим берүүнүн эң маанилүү маселелеринин бири. В. А. Сухомлинскийдин пикири боюнча адамдын эстетикалык көз караштарынын, табитинин жана ишенимдеринин негиздери мектепте окуган жылдарында куралат.

Мектеп окуучуларына максаттуу тарбия берүү акырындык менен ар бир окуучуда эстетикалык кабыл алууну калыптандырып, күнүмдүк жашоодо да эстетикалык баалуулуктарды жаратууга жөндөмдүүлүгү өсөт жана ошондой эле көз караштары, ишенимдери жана табити калыптанат.

“Эстетика” илими (грек. «aisthetikos» – «сезүүчү», «туюлуучу») байыртан бери «…адамдын дүйнөнү эстетикалык андап билүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү, чыгармачылыктын сулуулуктун мыйзамдары боюнча болумушу жана формалары жөнүндө илим» болсо, «эстетикалык тарбия берүү» категориясы ага салыштырмалуу жакынкы мезгилдерде келип чыгып (XVII бери пайдаланылат), илимий практикада адамдардын сулуулук объектилерин эстетиканын мыйзамдарын түшүнүүнүн негизинде баалоо жана кабыл алуу жөндөмдөрүн белгилөөдө, аристократизмди аныктоодо, инсандын руханий-көркөм жактан жетилүүсүндө, көрксүздөн сулуулукту ажырата билүүдө колдонулат. Бул категориянын ичине искусствону өздөштүрүүдө артыкчылыктарды тандай билүү; искусствонун, маданияттын, этиканын, адеп-ахлактуулуктун ар кайсы сфераларынын ичинен өзүнүн артык көргөн нерселерин жана көз караштарын аныктай билүү жөндөмүнө ээ болуу; сулуулук жөнүндө ой жүгүртө алуу, андан ырахат ала билүү кирет.

Инсандын узак убакыт бою өнүгүп өсүүсүнүн, ишмердүүлүгүнүн процессинде жана ырахаттануулерга карата тандап мамиле жасоосунун натыйжасында акырындан анын эстетикалык тарбиясы калыптана баштайт, буга көркөм дүйнө таанымдын кеңдиги, баалуулук ориентирлери, жашоо стилинин багытталышы (интеллектуалдык, эмоционалдык жана баалоочу) кирет. Бизди чыгармачылыктын, аткаруучулуктун, актердук ишмердиктин, дүйнөлүк жана ата мекендик искусствонун чыгармаларына карата ылгап жасаган мамилеси мүнөздөй турган эстетикалык тарбия кызыктырат. Эстетикалык тарбиянын жоктугу искусствого карата (поэзияны, адабиятты, сүрөт өнөрүн ж.б. билбегендик) көңүл бөлүүнүн жетишсиздигинен улам келип чыгары анык, ошентсе да окуучулардын искусствого болгон кызыгуу жана дарамет жетиштүү деңгээлде жогору болот. “Эстетиканы” таанып билүү процессинде баалуулук ориентирлери, чыгармачыл жактан өзүн-өзү өнүктүрүүгө болгон ички талаптар пайда болуп, калыптанган эстетикалык тарбиянын болушу өспүрүм куракта адекваттуу эмоционалдык баалоочу ой-жүгүртүүнүн өнүгүшүнө шарт түзөт.

“Эстетикалык тарбиянын” коомдук (калыптанган, жалпы кабыл алынган) же жеке (субъективдүү) өзгөчөлүктөрү болот. Мисалы, эч кандай ой корутундулар, далилдөөлөр адам кайдыгер караган нерсени ага сулуу деп таңуулай албайт, бирок ошол эле учурда гармония менен – чыгармачылыктын ар кайсы түрлөрүндөгү бийик өнүккөн, чебер табитти калыптандырууга мүмкүндүк берген гениалдуу чыгармалар менен түздөн түз таанышуусу ишенимдер менен көз караштарды өзгөртө алат.

Эстетикалык тарбия көбүнчө бири-бирине карама-каршы болгон жашоо стилдерин аныктайт. Бул индивиддин коомдук мейкиндиктеги абалын көрсөтүүчү күнүмдүк жашоосунда, кийим кийүүдө, интерьеринде объективдүү түрдө да, субъективдүү түрдө да билинет. Ишибизде эстетикалык аң сезим маселесин, анын айрым компоненттерин изилдөөдө А. Буровдун, Ю. Боревдин, Б. Сафроновдун, В. Скатерщиковдун эмгектери булак катары колдонулду. Эстетикалык тарбия инсандын руханий, маданитий жана көркөм-чыгармачыл өнүгүүсү менен түздөн түз байланышта болуп, эстетикалык аң-сезимдин өнүгүүсүнүн деңгээлин аныктайт жана ар биринин салыштырмалуу туруктуу касиети болуп эсептелет. Бул кубулуштун психологиялык, философиялык-таануучулук, социологиялык, педагогикалык жактан жалпы татаалдыгы каралды. Инсандын эстетикалык жактан бийик тарбиялануусу коомдун эң маанилүү тарбиялык маселелеринин бири, ошол эле учурда инсандын эстетикалык көз караштары, көркөм табити эң терең сакталган, анын ички дүйнөсүн түзгөн нерселердин катарына кирет.

Табит категориясы салыштырмалуу болгондуктан, жашоодо ар дайым токтоосуз өнүгүп турат, андыктан эстетикалык тарбиянын калыптанышы мектеп окуучуларынын чыгармачыл шыктарын жана өзүн өзү көрсөтүүсүн канааттандыра турган талаптардан түздөн-түз көз каранды, ошондуктан баланын искусство менен байланышуу чөйрөсүн кеңейтүү деген пикирдебиз.

Эстетикалык тарбия алгач баланын эмоционалдык таасирлери (жагат, жакпайт) аркылуу калыптана баштайт, кийин искусство чыгармаларын кабыл алуудан алган туюлуучу, рационалдык сезимдери (эмне үчүн жагып же жакпагандыгын түшүндүрө алуусу), ал эми акыркы баскычта бүтүн эстетикалык дүйнө таанымы ойгонуп окуучу ырахат ала баштайт. Табит өздөштүрүү процессинде, окуучуда мыктылыктын, идеалдын критерийлери иштелип чыккан жеке ой-жүгүртүү пайда болгон учурда жаралат. Баланын искусство менен болгон өз ара байланышы ар жолкусунда жетиле берет, өз элинин жана дүйнөлүк маданий баалуулуктардын тажрыйбасын өздөштүрүү инсандын өнүгүү процессине таасирин тийгизет. Демек, окуучунун искусство чыгармаларын өздөштүрүүсүнүн бүтүндүгү төмөнкүдөй бир нече баскычтардан турат: Эстетикалык тарбия 1. Сезимтал ой-жүгүртүү. 2. Рационалдуу мамиле. 3. Өздөштүрүүдөн ырахат алуу.

Өсүп келе жаткан муунга эстетикалык тарбия берүү системасында көркөм өнөр өзгөчө роль ойнойт. Курчап турган дүйнөнүн кооздугун көрө билүү жана түшүнө билүү сезимдердин маданиятын тарбиялоого, көркөм-эстетикалык табитти, эмгектик жана чыгармачылык активдүүлүктү өнүктүрүүгө көмөктөшөт, максатка умтулгандыкка, туруктуулукка, өз ара жардамдашуу сезимине тарбиялайт, аны инсандын чыгармачылык өзүн-өзү ишке ашыруусу үчүн мүмкүн [2].

Окуучуларды кызыктыруу үчүн керектөөлөрдү (баланын жашоого, чындыкка адаптациясын чагылдыруучу талаптарды), мотивдерди (ишмердикти жасоого түрткү берген нерселер), билим алууга кызыгууну (баланын жаңы, белгисиз нерсени үйрөнүүгө умтулуусу), өзүнүн потенциалын ишке ашырууну (мүмкүнчүлүктөрдү ишке ашыруу), креативдүүлүктү (стандартка сыйбаган чечимдерди кабыл ала билүү, өзгөчө нерселерди жарата билүү, билгендери менен жөндөмдөрүн жаңы кырдаалга өткөрө билүү) эске алуу керек [1]. Окуучуларга эстетикалык тарбия берүүнү өркүндөтүү алардын чыгармачыл ойлонуусун тарбиялоо менен, демилгелүүлүк, өз алдынчалык, максатка умтулгандык, ассоциативдүүлүк, байкагычтык, эс тутум жана албетте жогоруда сөз болуп өткөн креативдүүлүк өңдүү жети негиз салуучу сапаттарды өнүктүрүү менен тыгыз байланышта .

**Колдонулган адабияттар:**

1. Комарова Т.С. Школа эстетического воспитания: практическое пособие / Т.С. Комарова. – М.: Мозаика-Синтез, 2002. – 352 с.

2. Лихачев Д.Б. Теория эстетического воспитания школьников. – М.: Педагогика, 2002. – 183 с.

3. Песталоцци И.Г, Эстетическое воспитание. Сущность. Формы. Методы. – М., 1969. – 343 с.

4. Сухомлинский В.А., Сердце отдаю детям. – М., Издательство Концептуал, 2019 – 320 с.

**Рецензент: пед. илим. канд., доц. Бузурманкулова Ж.А.**